Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик
университети
Дистанттык билим берүү, кадрларды кайра даярдоо
жана билимин жогорулатуу борбору

С.Бегалиев

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨ ЖАНА КОНТРОЛДУК ИШТЕРДИН ТЕМАЛАРЫ

/Филология факультетинин сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн/

Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Дистанттык билим берүү, кадрларды кайра даярдоо жана билимин жогорулатуу борбору

Кыргыз адабият кафедрасы

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨ ЖАНА КОНТРОЛДУК ИШТЕРДИН ТЕМАЛАРЫ

/Филология факультетинин сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн/

Каракол −2003

ББК 74.58
К-97

Кыргыз адабият кафедрасынын кеңешмеси жана тил жана маданият институтунун кеңеши бекиткен.

Түзгөн: Бегалиев Сапар
Рецензент: КУУ профессору А. Абдразаков

Сапар Бегалиев
К-97 Кыргыз фольклору боюнча методикалык көрсөтмө жана контролдук иштердин темалары: Филология факультетинин сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн түз. - Каракол: 2003 ж. 38 б.
ISBN 9967-412-46-1

К 4309000000-03
ISBN 9967-412-46-1

ББК 74.58
© Ысык-Көл мамлекеттик ин-ти. 2003 ж.

# КИРИШҮҮ.

Кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармачылыгы мазмуну жагынан бай, тематикасы өтө ар түрдүү. Кыргыз фольклорунун мыкты поэтикалык үлгүүлөрүнөн элдин көп кылымдар бою башынан өткөргөн зор тарыхый окуялары, дүйнөгө болгон көз карашы, коомдук мамилелери, келечекке жакшы тилектери, этикалык жана эстетикалык идеялары кеңири планда көркөм чагылганын көрөбүз. Озекии адабиятта орун алган алдынкы прогрессивдүү идеялар жана ойлор бүгүн да адамдардын саясий-идеялык жана моралдык көз карашынын калыптанышы үчүн кызмат этет, миллиондогон жаңы коомдун жаштарын тарбиялоодо да зор роль ойнойт.

Сырттан окуунун шарттары – сессиялардын аралыгында окутуучулар тарбынан берилген көрсөтмөлөрдүн негизинде студент-заочник үчүн өз алдынча иштөөнү биринчи планга коёт. Демек, өз алдынча даярдоонун мезгилинде студент-заочник үчүн контролдук иштин мааниси бөтөнчө зор.

Окуу планында кыргыз фольклору боюнча практикалык ишке аз саат көрсөтүлгөн. Ошондуктан студент-заочник сессия аралыгында фольклорду жыл боюнча өз алдынча окуп үйрөнөт.

Кыргыз элдик оозеки поэтикалык чыгармачылыгы боюнча атайын жазылган окуу китеби, хрестоматия жок. Атайын жазылган окуу китептеринин жоктугу бир катар кыйынчылыктарды туудурары табийгы көрүнүш.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки окуу китеби эмес. Ошондой болсо да аны студенттер окуу китеби катары пайдаланууга мажбур болуп жүрүшөт. Экинчиден, очерк азыркы күндө сейрек учуроочу библиографиялык көрүнүшкө айланып бара жатат.

Мындан тышкары очерктин материалдары дайыма эле кыргыз фольклору боюнча жазылган программага шайкеш келе бербейт.

Адабияттан жазыла турган контролдук иштерден бир кыйла айырмаланып турарлыгы белгилүү. Адабият боюнча жазылган контролдук иштердин негизинде студент-заочник жогорку окуу жайларынын программасы боюнча бул же тигил материалды канчалык деңгээлде терең өздөштүрө алды деген гана максат менен чектелүү жетишсиз. Келечектеги профессионал адабиятчы-мугалимди тарбиялап чыгарууда контролдук иштердин мааниси зор. Математика мугалими үчүн маселелерди түзүк чыгара билүү канчалык маанилүү болсо, кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалими үчүн билгенин кагазга сабатуу түшүрүү чеберчилигин өздөштүрүү да ошончолук маанилүү жана зарыл. Ошондуктан контролдук иштерге бөтөнчө жоопкерчилик менен мамиле жасоо туура келет. Контролдук иштер зачётко же экзаменге даярдануунун жакшы ыкмаларынын бири гана эмес, терең ойлонуп, сабатуу аткарылган контролдук иштер фольклордун спецификалык өзгөчөлүктөрүн жакшы өздөштүрүүгө жардам берет, студенттин тарыхый, адабий процесс жөнүндө түшүнүгү кеңейет, көркөм чыгарманын идеясын, поэтикалык формасын органикалык бирдикте анализдөөгө үйрөтөт, фольклористика илиминин айрым конкреттүү маселелери боюнча илимий полемикага чыгууга чакырат, ошондой эле жазуу ишинин маданиятына тарбиялайт.

Кыргыз фольклору боюнча жазыла турган контролдук иштер сырттан окуган 1 жана 2 курстун студенттери тарабынан аткарылат. Ошондуктан студент-заочниктердин өз алдынча иштөө тажрыйбасы анча жетишсиздигин эске алып, контролдук тапшырмалардын мүнөзүн бир кыйла жөнөкөйлөштүрүп берүүгө туура келди. Ошону менен бирге жыйнакка кирген контролдук иштердин темалары студент-

заочниктерден чыгармачылык мамиле жасоону талап кылгандай тандалып алынган. Келечек окутуучунун ишинде зарыл болгон касиет – көркөм чыгарманы өз алдынча анализдей билүү.

Сунуш кылынган темалардын көпчүлүгү мектеп программасы боюнча өтүлө турган чыгармаларга байланыштуу. Ошондуктан студент-заочник өзүнүн педагогикалык тажрыйбасын (же педагогикалык практика мезгилиндеги тажрыйбасын) пайдаланууга мүмкүнчүлүгү бар.

Айрым контролдук иштердин темасы теориялык мүнөздө болуп, «Адабият таануу илимине киришүү» курсунун кээ бир бөлүктөрүн кайталоону талап кылат.

## КОНТРОЛДУК ИШТЕРДИ АТКАРУУ БОЮНЧА КӨРСӨТМӨЛӨР.

### ТЕМАЛАРДЫ БЕКИТҮҮ.

Контролдук иштердин темаларын берүүдө студенттердин жеке кызыгууларын, тигил же бул чыгарма боюнча умтулууларын эске алуу зарыл.

Контролдук иштердин темалары атайын тизме боюнча студенттерге бекитилип, окутуучу тарабынан адабият кафедрасына же адабият кабинетине берилет. Адабияттардын жетишсиздигине же башка объективдүү себептерге байланыштуу контролдук иштин темасын өзгөртүү зарыл болсо, ал маселе кафедранын макулдугу менен гана чечилет.

Ар бир тема так жана белгилүү берилген. Ошондуктан контролдук иштин мазмунун тапшырмага туура келиши керек.

### ТЕКСТ БОЮНЧА ИШТӨӨ.

Контролдук ишти аткаруудан мурда студент-заочник өз алдынча чыгарманын текстин окуп үйрөнүшү зарыл. Ойлонуп, аң-сезимдүү, максаттуу окулган тексттин негизинде гана кызыктуу, мазмундуу иш бүтүрүп, ага өз алдынча чыгармачылык мамиле жасоого болот.

Контролдук иштин максаты илимий макалага анализ берүү болгондо да, ошого тийиштүү чыгарманын тексти менен терең таанышып, үйрөнүп чыгуу керек. Ансыз илимий макаланын мүнөзүн жакшы түшүнүп, мазмундуу иш бүтүрүүгө болбойт.

Текстти окуу процессинде тандап алган темага тийиштүү моменттерин жазып алуу өтө пайдалуу. Мындай жазууларды өз алдынча барактын бир жак гана бетине түшүрсө, кийин иреттеп алуу оңой болот. Баракка чыгарманын атын, басылып чыккан жылын же авторун, ошондой эле бетин көрсөтүш керек.

## СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАРДЫ ҮЙРӨНҮ.

Кыргыз фольклору боюнча атайын жазылган окуу китебинин жоктугуна байланыштуу, жогорку окуу жайларынын студенттери «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркин» окуу китеби катары пайдаланып жүрүшөт. Кыргыз фольклору боюнча адабияттардын аздыгына карата айрым контролдук иштердин темалары боюнча орус тилинде жазылган окуу китептерин сунуш этүүгө туура келди. Мындан тышкары контролдук иштердин темаларына тийиштүү бир катар илимий монографиялар жана макалалар көрсөтүлдү.

Ырас, жыйнакта көрсөтүлгөн адабияттардын бардыгын изилдеп, окуп чыгуунун зарылдыгы жок. Бирок, бир-эки адабият менен чектелүү да туура эмес.

Кыргыз фольклорунун ар түрдүү проблемаларына арналып жазылган жаңы илимий китептер, макалалар дайыма жарык көрүп турарлыгын эстен чыгарбоо керек. Алардын ичинде тандап алган темага байланыштуу адабияттар болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан студенттер жаңы чыккан ададбияттарды дайыма карап жүрүүсү зарыл.

Тема боюнча адабияттарды үйрөнүүнү очерктин тийиштүү главасын көңүл коюп окуудан баштоо керек. Тандап алган теманы терең түшүнүш үчүн очерктин гана тийиштүү главасын окуу менен чектелбестен, темага байланыштуу башка да адабияттарды окуу максатка ылайыктуу.

Сунуш кылынган адабияттарды окуганда да цитаталарды өз алдынча барактарга жазып алуу системасы керек. Цитата алынган булактардын толук биографиясын ар бир бетке көрсөтүү түзүк болот. Ошондой эле окуган адабияттарды өз сөзү менен конспектилеп алуу да жакшы жыйынтык берет.

## ИШТИН ПЛАНЫН ТҮЗҮҮ.

Чыгарманын тексттин жана сунуш кылынган адабияттарды үйрөнүүдө студент-заочник алдын ала контролдук иштин планын түзүшү керек. Иштин планын түзүүдө жыйнакта берилген методикалык сунуштарды белгилүү деңгээлде пайдаланса болот.

Контролдук иштин планы ар түрдүү болушу мүмкүн. (Киришүү, негизги бөлүк, корутундудан болушу сөзсүз эмес). Пландын ар бир пунктту терең ойлонуп, так аталышы зарыл.

Алдын ала план түзгөндөн кийин жыйналган материалдарды системалаштырып, кандай жазууну ойлош керек. Мына эми текстти жана адабияттарды окуп үйрөнүү процессинде жазылган барактар (цитаталар) зарыл керек болот. Түзүлгөн планга карата барактарды бегилүү бир иретке келтирип, толуктап, иштин структурасына жараша кайрадан бир иштеп чыгыш керек. Ырас, иштин процессинде план такталат, конкреттештирилет; ал тургай айрым бөлүктөрүнө өзгөрүүлөр да киргизилиши мүмкүн.

## ИШТИ ЖАЗУУ.

Бут материал жыйналып бир системага келтирилгенден кийин ишти жазууга киришсе болот.

Иштин бардык бөлүктөрү (киришүү жана корутунду менен бирге) түздөн түз тема менен байланыштуу болууга тийиш. Кошумча материалды жалпы маселелерде каралган проблемаларга тийиштүү болсо гана киргизиш керек. Ошондой эле корутундунун да так болушу бөтөнчө зарыл.

Адатта корутунду бөлүгүндө иштин кыскача жыйынтыгы берилет, ошондой эле чыгарманын же каралган проблеманын мааниси баса көрсөтүлөт.

Иштин негизги бөлүгүндө көркөм чыгарма же илимий макалага болгон жеке байкоолор орун алышы мүмкүн.

Ар кандай китептерден бүтүн абзацтарды же фразаларды адабияттарын көрсөтпөй эле жөн гана көчүрүп коюу туура эмес. Анда башка бирөөлөрдүн ойлорун же байкоолорун өзүнүн оюу катары берген болуп калат. Мындай контролдук иштер оң бааланбастыгы өзүнүн өзү түшүнүктүү. Ал эми өзүнүн ойлорун, байкоолорун илимий адабияттар менен ырастоо жакшы көрүнүш, айрым учурларда зарыл.

Эгер контролдук иштин мазмунун түзгөн чыгарма боюнча фольклористика илиминде ар түрдүү көз караштар болсо, ага карата студент-заочник өзүнүн жеке оюн билдирүүгө тийиш.

Контролдук ишти жазууда ойду системалуу, түшүнүктүү баяндап берүүгө бөтөнчө көңүл бурулушу керек.

Контролдук иш терең ойлонбогон ар түрдүү байкоолордун, божомолдоолордун бирикмесинен турган мозайка болбошу керек.

Контролдук иш негизги бир борбордук ойго же идеяга баш ийген композициялык түзүлүшү так, бекем системалуу, жалпылоолору жана жыйынтыктоолору негиздүү өзүнчө бир бүткөн чакан эмгек болушу керек.

## ИШТИН ОФОРМЛЕНИЕСИ.

Контролдук иштин оформлениесине бир катар талаптар коюлат. Көп учурларда план иштин биринчи бетинде берилет. Айрым учурларда ар бир бөлүктүн өзүнчө темалары болот. Бардык цитаталар тырмакчага алынып жазылат. Ыр түрүндөгү чыгармалар тырмакчага алынбайт. Ырдан цитата алганда китепке кандай болсо ошондой ыргагын бузбай берүү керек. Ар бир ыр сап чоң тамга менен башталат. Цитата алганда пайдаланылган адабият сөзсүз көрсөтүлүшү тийиш.

Цитатанын бүткөн жерине цифра же жылдызча коюлат (беттин аягына). Ошол эле жылдызча беттин аягында кайталанат. Пайдаланылган адабият, автордун ысмы, фамилиясы көрсөтүлүп, том, бөлүгү, басмадан чыккан жери, басманын аты, чыккан жылы, бети берилет.

Эгер пайдаланылган адабият китеп болбой макала болсо, жыйнактын (тому, чыккан жери жана жылы) же журналдын жылы жана номери көрсөтүлөт. Пайдаланган цитаталардын адабияттарын көрсөтпөй коюуга такыр болбойт. Контролдук иштин аягында пайдаланылган адабияттардын тизмесин берүү керек. Бул жыйнакта ар бир темага улгу түрүндө берилген адабияттардын тизмесин пайдаланууга болот. Биринчи иретте анализге алынган чыгарма, андан кийин контролдук ишти жазууда пайдаланылган китептер, макалалар жана башкалар көрсөтүлөт. Эгер студент-заочник методикалык көрсөтмөдө жок адабияттар менен таанышса, аларды да сөзсүз пайдаланган адабияттын тизмесине киргизиш керек. Ал эми көрсөтүлгөн адабияттардын контролдук ишти жазууда колдонбогондорун тизмеге киргизүүгө болбойт.

Контролдук иштин көлөмү болжол менен окуучулук дептердин көлөмүндөй болушу керек. Барактын ичинде рецензенттин пикири жазыла турган орун болушу керек. Контролдук иштин барактары номерленүүгө тийиш.

## КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим» басмасы, 1979-жыл.
2. П.Г.Богатырев. Русское народное творчество. Москва, 1966.

Эгер контролдук иштин темасы «Манас» эпосуна же башка баатырдык эпосторго байланыштуу болсо төмөнкү адабияттар сунуш кылынат.

1. Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас», М., изд-во АН СССР, 1961 (орус тилинде).
2. «Манас» - героический эпос киргизского народа. Фрунзе, «Илим», 1968 (орус тилинде).
3. Мамытбеков З., Абдуллаев Э., «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. Фрунзе, 1966.
4. Суванбеков Ж. Кыргыз элинин баатырдык эпостору. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1970.
5. «Манас». Энциклопедия. I, II, Бишкек, 1995.
6. Абдылдаев Э. 2Манас3 эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. Фрунзе, 1982.

Жыйнакта элдик оозеки адабияттын көркөм тилине арналган темалар бар. Мындай темаларды жазууда төмөнкүдөй окуу китептерине жана окуу куралдарына кайрылууга болот.

1. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение.М., «Просвещение», 1970.
2. Б.Керимжанова, С.Жумадылов. Кыргыз поэзиясынын көркөм сөз каражаттары. Фрунзе, 1968.

Орус революционер-демократтарынын макалаларынын төмөнкү басылыштары боюнча окуп цитата алса болот.

1. В.Г.Белинский. Собр. соч. в 3-х томах. М., Госполитиздат, 1948.
2. Н.А.Добролюбов. Собр. соч. в 3-х томах. М., Госполитиздат, 1950, 1952.

3. Н.Г.Чернышевский. Полн. собр. соч. в 15-ти томах. М., Госполитиздат, 1939, 1950.

Бул жогоруда көрсөтүлгөн адабияттар мындан ары кыскартылып берилет (автору, макаланын аты, тому, беттери көрсөтүлөт).

## КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ БОЮНЧА КОНТРОЛДУК ИШТИН ТЕМАЛАРЫ.

### Тема-1. ФОЛЬКЛОРДУК ЭҢ НЕГИЗГИ МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Сөз искусствосунда фольклордун алган орду бөтөнчө маанилүү. Контролдук иште оозеки адабияттын эң негизги мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып берүү керек. Ошондой эле фольклордун көп маанилүүлүгүн (синкретизм) элдин тарыхый жашоо турмушу менен байланышын, таптык доордо пайда болгон мүнөздүү касиеттерин талдоого алуу зарыл.

Советтик доордо элдик оозеки адабияттын идеялык, тематикалык жагынан болгон мүнөздүү өзгөрүүлөрүн конкреттүү мисалдардын негизинде көрсөтүп берүү керек.

АДАБИЯТТАР.

1. Русское народное поэтическое творчество. Изд-во «Высшая школа», М., 1969. Своеобразие народного поэтического искусства. 5-13 бет.
2. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 609-652 беттер.

## Тема-2. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ЖЫЙНООНУН ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫ.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноо жана изилдөө тарыхы Октябрь революциясына чейин эле белгилүү окумуштуулар Ч.Валиханов менен академик В.В.Радловдун ысымдары менен байланыштуу болгон. Бирок элдик оозеки адабиятта зор маданий мурас катары баалап, аны жыйноо жана изилдөө иши советтик доордо гана кадимкидей колго алынды. Контролдук иште өтөнчө советтик доордогу кыргыз фольклорун жыйноо жана изилдөө ишиндеги мүнөздүү ийгиликтерге баа берилип, алар тийиштүү анализден өтүүгө тийиш.

### АДАБИЯТТАР.


1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1073, 16-34 беттер.
2. «Манас», I-китеп, Фрунзе, 1958. Киришүү, 3-8 беттер.
3. З.Мамытбетов. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. Фрунзе, 1966.


## Тема-3. МИФ ЖАНА ЛЕГЕНДА.

Миф жана легенда көп жагынан бири-бирине окшош. Бирок ошого карабастан алар мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон ар башка мазмундагы, жаралышы боюнча ар башка доордогу чыгармалар.

Контролдук иштин максаты – мифтик чыгармалардын чагылдырган доорун, алардын элдик адабиятта, өтөнчө баатырдык эпосто алган ордун көрсөтүп берүү. Мифтик чыгармалардын жакшы түшүнүш үчүн К.Маркстын миф жөнүндө айткандарын өтөнчө эске

тутуу керек. Ошондой эле легенданын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып берүү талап кылынат.

АДАБИЯТТАР.

1. К.Маркс и Ф.Энгельс. Об искусстве. т.I, М., 1967, 120-122 беттер.
2. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 2Илим3, 1973, 68-84 беттер.
3. М.И.Шахнович. Первобытная мифология и философия. Изд-во 2Наука3, Л., 1971, 15-24 беттер.
4. К.Байжигитов. Кыргыз мифтери уламыштары ---- легенда--- Фрунзе, 1985.М,1958.
5. *Кун. Мифы и легенды древней Греции.*

## Тема-4. ЭЛДИК АРМАН ЫРЛАРЫ.

Контролдук иште арман ырларынын чыгыш доoруна, анын таптык мүнөзүнө, бөтөнчө социалдык мазмунуна чоң көңүл бурушу керек. Арман ырларынын фольклордун башка жанрлары менен болгон байланышы, окшоштуктарын жана өзгөчөлүктөрүн ачып берүү талап кылынат.

Ошондой эле советтик доордогу арман ырларынын тагдырына токтолу зарыл.

АДАБИЯТТАР.

1. Арман китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 130-140 бет.
2. С.Закиров, А.Токомбаева. Кыргыздын элдик ырларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү. Фрунзе, 1964.

## Тема-5. САНАТ. ТЕРМЕ ЫРЛАРЫНЫН МҮНӨЗДҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Санат, терме ырлары фольклордун көп түрлөрүндө кеңири учураган популярдуу жанр. Контролдук иште санат, терме ырларынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып, алардын идеялык мазмунун, көркөм формасын анализден өткөрүү керек. Бөтөнчө бул ырлардагы үгүт, насият мотивине айрыкча көңүл буруута тийиш.

Текст: Кыргыз элинин санат, насият жана терме ырлары. Ф,1979.

### АДАБИЯТТАР.


1. Санат, терме. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
2. Р.З.Кыдырбаева, Асаналиев К.А.. Адабият таануу терминдеринин кыргызча сөздүгү. Фрунзе, 1965, 113-120 беттер.
3. Санат-насияттар. Китепте: С.Закиров, А.Токомбаева. Кыргыз элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү. Фрунзе, «Илим», 1964, 59-62 беттер.


## Тема-6. ТАБЫШМАКТАР

Контролдук иште табышмактардын чыгыш булактарына, идеялык жана тематикалык өзгөчөлүктөрүрүнө бөтөнчө көңүл бурулушу керек. Ошондой эле табышмактардын фольклордун башка жанрлары менен болгон байланышына да көңүл бурулууга тийиш. Советтик доордо жаралган табышмактардын идеялык мазмунуна, тематикасына айрыкча маани берүү талап кылынат.

Тексттер: Кыргыз эл табышмактары, жаңылмачтары, калптары. «Мектеп» басмасы, Фрунзе, 1971.

## АДАБИЯТТАР.

1. Табышмактар. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1973, 151-171 беттер.

## Тема-7. МАКАЛ ЖАНА ЛАКАПТАРДЫН МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Контролдук иште макал жана лакаптардын чыккан булактарына, аларга мүнөздүү болгон жалпы окшоштуктарга жана өзгөчөлүктөргө бөтөнчө көңүл буруута тийиш. Ошондой эле советтик доордогу макал, лакаптардын жандуу традициясына көңүл буруп, алардын поэтикалык өзгөчөлүктөрүнө да токтолуу керек.

## АДАБИЯТТАР.

1. Закиров С. Кыргыз элинин макал, лакаптары. Фрунзе, 1962.
2. Макал жана лакаптар. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1973, 171-187 беттер.

## Тема-8. ЭЛДИК АЙТЫШТАР.

Контролдук иште айтыш жанрынын түрлөрүнө токтолуп, алардын ар бирине мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү ачып берүү керек. Бөтөнчө элдик акындардын айтышын идеялык мазмунуна, поэтикалык формасына кеңири анализ берүү талап кылынат. Советтик доордо айтыш жанры жаңы идеялык-тематикалык мазмунга ээ болгондугу белгилүү. Демек, айтыш жанрынын азыркы тагдыры жөнүндө да сөз козгоо зарыл.

Тексттер. Айтыштар, 1,2-том, «Кыргызстан» басмасы, Фрунзе, 1972.

## АДАБИЯТТАР.

1. Айтыштар. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1973, 208-245 беттер.

## Тема-9. КЫРГЫЗ ЖӨӨ ЖОМОКТОРУНУН КЛАССИФИКАЦИЯЛООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ.

Контролдук иште жөө жомоктордун жаралыш шарттарын, алардын негизги түрлөрүн, бөтөнчө классификациялоонун негизги принциптерине токтолуу керек. Ошондой эле жөө жомоктордун башка фольклордук жанрлардан болгон мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып берүү талап кылынат.

Тексттер. Кыргыз эл жомоктору. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960.

## АДАБИЯТТАР.

1. Жомоктор. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1973, 245-285 беттер.

## Тема-10. КЕРЕМЕТТҮҮ ЖӨӨ ЖОМОКТОРДУН МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Контролдук иште кереметтүү жөө жомоктордун эволюциялык өнүгүшүн, чыгыш доорун, жомоктун башка түрлөрүнөн болгон спецификалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү керек. Мындан тышкары кереметтүү жөө жомоктордогу социалдык мазмундун жана мотивдердин кеңири орун алыш себептерин түшүндүрүп берүү зарыл.

Тексттер. Кыргыз эл жомоктору. Фрунзе, Кыргызмамбас,1960.

АДАБИЯТТАР.

1. Жомоктор. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1973, 263 бет.

## Тема-11. МАНАСЧЫЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Иште манасчылардын эпосту кесип кылып айтуу традициясын айрым өзгөчөлүктүрүн ачып берүү максаты коюлат. Мына ушуга байланыштуу «Кереметтүү түш» көрүү, ага ишенүү салтынын ролу жөнүндө сөз козгоо керек. Ошондой эле улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарынын негизинде традициялык сюжетке кандай чыгармачылык мамиле жасоонун үлгүлөрүн конкреттүү мисалдардын негизинде көрсөтүү талап кылынат.

АДАБИЯТТАР.

1. Б.Юнусалиев. Кириш сөз. «Манас», 1-бөлүк, 1-китеп. Фрунзе, 1958.
2. «Манас». Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1973.
3. В.Жирмунский. Введение в изучение эпоса «Манас». Значение традиции. Книга: Тюркский героический эпос. Изд-во «Наука», Ленинград, 1974, 25-33 беттер.
4. «Манас». С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. 1,2-китептер, «Кыргызстан» басмасы, Бишкек,1995.
5. Көркөм тексттер: «Манас». С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 1-китеп, 2,3-китептер, «Кыргызстан» басмасы, Бишкек, 1995.
6. М.Ауэзов. Киргизский героический эпос «Манас». Книга: Мысли разных лет. Алма-Ата, 1959. Сказители эпоса. 480-496 беттер.

7. З.Мамытбеков, Э.Абдуллаев. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери Фрунзе, «Илим», 1966.

## Тема-12. «МАНАС» ЭПОСУНУН СЮЖЕТИНДЕГИ ЖОМОКТУК ТРАДИЦИЯЛЫК МОТИВДЕР.

Контролдук иште жомоктук традициялык мотивдеринин эволюциялык өнүгүшүн, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн конкреттүү мисалдар менен көрсөтүү керек. Ошондой эле С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарындагы айрым сюжеттик мотивдердин ар башка мүнөздө болушуна бөтөнчө көңүл буруу талап кылынат. Кийин тарыхый доордогу социалдык шарттардын традициялык жомоктук мотивдерге тийгизген таасирине да токтолуу керек.

Тексттер. В.М.Жирмунский. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: Тюркский героический эпос. Изд-во «Наука», Ленинград, 1974, 35-38 беттер. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 309-312 беттер

## Тема-13. «МАНАС» ЭПОСУНУН ЖАРАЛЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ.

Контролдук иште «Манас» эпосунда көркөм чагылган тарыхый окуялар жана тарыхый адамдардын өмүрүнө байланыштуу айтылган илимий гипотезаларга анализ берүү талап кылынат. Бөтөнчө акад. В.М.Жирмунскийдин илимий гипотезасына айрыкча көңүл буруу керек. Баатырдык эпостун алгачкы үлгүсү болгон баатырдык жомоктун «Манас» эпосу менен болгон байланышы боюнча да контролдук иште сөз болууга тийиш.

Тексттер. Көркөм тексттер. С.Орозбаков 1, 2, 3 китептер, С.Каралаев 1, 2 китептер «Кыргызстан» басмасы, 1995.

АДАБИЯТТАР.

1. В.М.Жирмунский. Тюркский героический эпос. Изд-во «Наука», Ленинград, 1974. Происхождение и развитие эпопеи. 68-92 беттер.
2. М.О.Ауэзов. Мысли разных лет. Алма-Ата, 1959. О времени возникновения «Манаса», 512-524 бетер.
3. А.Н.Бернштам. Эпоха возникновния киргизского эпоса «Манас». В кн.: «Манас» героический эпос киригизского народа. «Илим», Фрунзе, 1968, 148-177 беттер.
4. Э.Абдуллаев. «Манас» эпосунун чыгышы жана өнүгүшү жөнүндөгү маселеге карата. Китепете: «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. Фрунзе, 1966, 214-244 беттер.
5. *Б.Юнусалиев. Баш сөз. «Манас», 1-бөлҮк, 1-китеп, Фрунзе, 1958.*
6. Кыдырбаев Р.З. Генезис эпоса «Манас». Фрунзе, 1980.

## Тема-14. «МАНАС» ЭПОСУНУН МИФ МЕНЕН БОЛГОН БАЙЛАНЫШЫ.

К.Маркстын байыркы гректердин мифтери жана баатырдык эпостору жөнүндө айткандарын жетекчиликке алып, «Манас» эпосунан конкреттүү мифтик образдарды (Макел дөө) жана белгилерди тийиштүү анализден өткөрүү керек. Ошондой эле миф менен баатырдык эпостун байланышын, эпос менен бирге мифтин өзгөрүшүн конкреттүү масалдар менен көрсөтүп берүү талап кылынат.

АДАБИЯТТАР.

1. К.Маркс и Ф.Энгельс. Об искусстве. М., 1957, т.1, 135 бет.
2. Т.В.Плеханов. Избранные философские произведения. М., 1957, т.3, 306 бет.
3. М.Горький. Избранные литературно-критические произведения. М., 1954, 62 бет.

4. В.Я.Пропп. Русский героический эпос. М., 1058, 32-58 беттер.
5. З.Мамытбеков, Э.Абдуллаев. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. Фрунзе, 1966, 184-193 беттер.

## Тема- 15. БААТЫРДЫК ЭПОС ЖАНА ТАРЫХ.

Баатырдык эпос тарыхтын хроника жөнүндө схемасы эмес. Эпос тарыхты кыйыр түрдө көркөм чагылдырат. Ошондой болсо да элдин башынан өткөргөн зор тарыхый окуялары, турмушка, жаратылышка болгон көз караштары эпосто негизинен реалдуу сүрөттөлөт.

Контролдук иште эпостун негизги идеялык мазмунун аныктаган тарыхый окуяларды баса көрсөтүш керек. Баарынан мурда тарыхый окуялар, тарыхый адамдардын өмүрү эпоско киргенден кийин кандай өзгөрүүлөргө дуушар болот, мына ушуларды айрыкча белгилөө талап кылынат.

### АДАБИЯТТАР.

1. В.М.Жирмунский. Происхождение и развитие эпопеи. Китепте: Тюркский героический эпос. Изд-во «Наука», Ленинград, 1974, 68-92 беттер.
2. А.Н.Бернштам. Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас». Китепте: «Манас» героический эпос киргизского народа. Фрунзе, 1968, 153-176 беттер.
3. З.Мамытбеков, Э.Абдуллаев. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. Фрунзе, 1966.
4. М.О.Ауэзов. Мысли разных лет. Алма-Ата, 1959, 512-624 беттер.
5. Кыдырбаев. Генезис эпоса «Манас». Фрунзе, 1980.

## Тема-16. «МАНАС» ЭПОСУНУН ПОЭТИКАЛЫК КӨРКӨМ КАРАЖАТТАРЫ.

Эпопеянын идеялык мазмунун аныктоо поэтикалык көркөм каражаттарга туура баа берүүнүн мааниси зор. Эпостун поэтикалык формасы да узак мезгил бою көп өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Контролдук иште көркөм каражаттардын ролун, өзгөчөлүктөрүн баса көрсөтүү керек. Ошондой эле көркөм эпитеттер, поэтикалык салыштыруулар ж.б. троптор кандай кокреттүү функция аткарат? Мына ушуларды конкретту мисалдар менен көрсөтүү зарыл.

Тексттер. «Манас» С.Орозбаков 1, 2, 3 китептер. С.Каралаев 1,2 китептер. Бишкек, 1995.

АДАБИЯТТАР.

1. «Манас» эпостун поэтикасы. Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 323-330 беттер.
2. Б.М.Юнусалиев. «Манас», кириш сөз. 1-бөлүк, 1-китеп, Фрунзе, 1958, 28-37 беттер.
3. С.Бегалиев.О политике эпоса «Манас», Фрунзе, «Илим», 1968.
4. С.Бегалиев. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары. Фрунзе, 1089.

## Тема-17. «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНУН АЙРЫМ БИР СЮЖЕТТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Контролдук иште «Семетей» эпосунун сюжетиндеги мүнөздүү өзгөчөлүктөргө токтолуп, ошондой эле бүт трилогия менен болгон окшош жактарын, органикалык байланышын баса көрсөтүш керек. Поэманын сюжеттик линиясындагы эпикалык традициялык белгилердин мүнөзү жөнүндө да кеп болууга тийиш.

Тексттер. «Семетей», Фрунзе, 1959. Ж.Мамай 1, 2, 3 китептер. Бишкек, 1995.

АДАБИЯТТАР.

1. Б.Керимжанов. Кириш сөз. «Семетей», Фрунзе, 1959, 3-19 беттер.
2. «Семетей». Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 333-361 беттер.
3. В.М.Жирмунский. «Семетей» и «Сейтек». Китепте: Тюркский героический эпос. Ленинград, 1974, 92-108 беттер.

## Тема-18. «СЕМЕТЕЙ» ПОЭМАСЫНЫН КӨРКӨМ ФОРМАСЫ.

«Семетей» эпосунун көркөм формасында учураган мүнөздүү өзгөчөлүктөр конкреттүү мисалдардын негизинде кеңири анализден өтүүгө тийиш. Чыгарманын көркөм сүрөттөөлөрү трилогиянын башка бөлүктөрү менен органикалык бирдикте экендигин да мисалдар менен көрсөтүш керек.

Тексттер. «Семетей», Фрунзе, 1959. «Семетей», Ж.Мамай, 1,2, 3 китептер, 1995.

АДАБИЯТТАР.

1. Б.Киримжанова. Кириш сөз. «Семетей», Фрунзе, 1959.
2. Композиция жана көркөм каражаттары. Китепте: Кыргыз элинин тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 352-361 беттер.
3. В.М.Жирмунский. «Семетей» и «Сейтек». Кн.: Тюркский героический эпос. Ленинград, 1974, 92-95 беттер.
4. Бегалиев С. «Манас» эпосунун көркөм сөз каражаттары. Фрунзе, 1989

## Тема-19. «СЕЙТЕК» ЭПОСУНУН СЮЖЕТТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Контролдук иште генеалогиялык циклизация принциби боюнча жалпы окшоштуктарга жана мүнөздүү өзгөчөлүктөргө токтолуу керек.

Бөтөнчө поэманын сюжетинде учураган жомоктук традициялык белгилерге кеңири анализ берүү талап кылынат. Ошондой эле «Сейтек» поэмасынын айрым көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө да тийиштүү көңүл бурууга тийиш.

Тексттер. «Сейтек», «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүгү, 4-китеп, Фрунзе, 1960. «Семетей». Ж.Мамай. 1, 2, 3 китептер, Бишкек, 1995.

АДАБИЯТТАР.

1. К.Асаналиев. Кириш сөз. «Сейтек», Фрунзе, 1960, 3-14 беттер.
2. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, «Сейтек», 362-390 беттер.
3. В.М.Жирмунский. Тюркский героический эпос. Ленинград, «Наука», «Семетей», «Сейтек», 92-95, 108-112 беттер.

## Тема-20. «СЕЙТЕК» ПОЭМАСЫНЫН КӨРКӨМ ФОРМАСЫ.

Жалпы эле трилогияга мүнөздүү окшош белгилерге токтолуу менен бирге, поэманын өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөргө да кеңири токтолуу керек. Поэтикалык көркөм троптордун ар бирине конкреттүү мисалдар келтирип, алардын чыгарманын идеялык мазмунун ачып берүүдөгү ролун көрсөтүү зарыл.

Тексттер. «Сейтек», «Манас» эпосунун 3-бөлүгү, 4-китеп, Фрунзе, 1960.

АДАБИЯТТАР.

1. К.Асаналиев. Кириш сөз. «Сейтек», Фрунзе, 1960, 3-14 беттер.
2. «Сейтек». Китепте: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 308-310 беттер.
3. В.М.Жирмунский. Тюркский героический эпос. «Семетей», «Сейтек». Ленинград, «Наука», 1974, 92-95, 108-112 беттер.

4. Бегалиев С. «Манас» эпосунун көркөм сөз каражаттары. Фрунзе, 1989.

## Тема-21. «ЭР ТӨШТҮК» ЭПОСУНУН СЮЖЕТТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Контролдук иште «Төштүк» эпосунун сюжеттик өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолуп, чыгарманын негизги сюжеттик өзөгүн түзгөн теманы баса белгилөө керек. Эпостун сюжетиндеги архаикалык белгилерге конкреттүү мисалдар келтирип, мифтик образдар жана мотивдеринин мүнөзүн ачып берүү зарыл.

Тексттер. С.Каралаев. «Эр Төштүк», Фрунзе, 1965.

### АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 47-80 бет.
2. Ж.Суванбеков. Кыргыз элинин баатырдык эпостору. Фрунзе, «Мектеп», 1970, 48-80 беттер.

## Тема-22. «ЖАНЫШ, БАЙЫШ» ЭПОСУНУН ИДЕЯЛЫК МАЗМУНУ.

Контролдук иште эпостун сюжетинде учураган традициялык мотивдерге токтолуп, чыгарманын идеялык мазмунун аныктаган негизги теманы кеңири ачып бериш керек. Ошондой эле дүйнөлүк эпосто кеңири учураган традициялык сюжеттик мотивдерге токтолуу зарыл. Эпосто көркөм чагылган тарыхый доордун мүнөзүнө да баа берүүлөрү тийиш.

Тексттер. «Жаныш, Байыш», айтуучу К.Акиев. Фрунзе, 1939. «Жаныш, Байыш», Бишкек, 1998.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 419-435 беттер.
2. Ж.Суванбеков. Кыргыз элинин баатырдык эпостору. Фрунзе, 1970, 80-119 беттер.

## Тема-23. «КУРМАНБЕК» ЭПОСУ ЧАГЫЛДЫРГАН ТАРЫХЫЙ ДООР.

«Курманбек» эпосу чагылдырган тарыхый доордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып берүү керек. Бөтөнчө эпостун идеялык мазмуну аныктаган башкы теманы баса белгилөө талап этилет. Ошондой эле чыгарманын сюжетинде учураган жомоктук традициялык белгилерге анализ берүү зарыл. Эпостун образдар системасында да байкоо жүргүзүүнү унутпоо керек.

Тексттер. «Курманбек», «Жаныш, Байыш», Фрунзе, 1970.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 437-449 беттер.

## Тема-24. «ЭР ТАБЫЛДЫ» ЭПОСУНУН СЮЖЕТТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

«Эр Табылды» эпосу Жунгар калмактарынын чабуулун көркөм чагылдырган, эл арасына кеңири тараган баатырдык эпос. Ошондой эле чыгармада ички душмандарга каршы күрөштөр да бар. Контролдук иште эпостун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн кеңири ачып берүү керек.

Тексттер. «Эр Табылды», Фрунзе, 1970.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 449-466 беттер.
2. Б.Кебекова. «Эр Табылды», Фрунзе, 1979.

## Тема-25. «ЖАҢЫЛ МЫРЗА» ЖАНА ТАРЫХ.

«Жаңыл Мырза» кыргыз элинин баатырдык эпосторунун ичинен бир катар мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон оригиналдуу чыгарма.

Контролдук иште эпос чагылдырган тарыхый доордун мүнөзү, анда орун алган тарыхый адамдардын өмүрү боюнча сөз козгоо керек. Бөтөнчө чыгарманын сюжетинде орун алган эпикалык касиеттер жана белгилер жөнүндө кеңири анализ болууга тийиш. Ошондой эле эпостун айрым варианттарында учураган архаикалык сюжеттик мотивдерге да көңүл бурбай коюуга болбойт.

Тексттер. А.Чоробаев. «Жаныл Мырза», Фрунзе, 1957. Тоголок Молдо. Толук жыйнагы. Фрунзе, 1954.

АДАБИЯТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973
2. «Жаңыл Мырза». 466-483 беттер.
3. Ж.Суванбеков. Кыргыз элинин баатырдык эпостору. Фрунзе, 1970, 184-208 беттер.

## Тема-26. «ЭР СОЛТОНОЙ» ЭПОСУ.

Кыргыз элинин баатырдык эпосторунун ичинен «Эр Солтоной» өзүнче сюжеттик өзгөчөлүктөргө ээ болгон оригиналдуу чыгарма.

Контролдук иште чыгарманын негизги идеялык мазмунун аныктаган теманы баса көрсөтүп, баатырдык эпоско мүнөздүү болгон белгилерди, сюжеттик мотивдерди кеңири анализден өткөрүш керек.

Ошондой эле эпостун образдар системасына, көркөм жаратылышына карата да пикир айтуу зарыл.

Тексттер. «Эр Солтоной», Фрунзе, 1959.

## АДАБИЯТТАР.


1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, «Илим», 1973.
2. Ж.Суванбеков. Кыргыз элинин баатырдык эпостору. Фрунзе, 1970.


## Тема-27. «САРЫНЖЫ - БӨКӨЙ» ЭПОСУНУН ИДЕЯЛЫК МАЗМУНУ.

Лиро-эпикалык поэмалардын ичинен өзүнчө оригиналдуу сюжетке ээ болгон чыгарма – «Саранжы – Бөкөй».

Контролдук иште поэманын негизги идеялык мазмунун аныктаган башкы теманы кеңири анализден өткөрүп, чыгармада орун алган уруулук-патриархалдык мамилелерге да бөтөнчө көңүл бурулушу керек. Ошондой эле образдар системасына, көркөм сүрөттөөлөрүнө да белгилүү деңгээлде байкоо жүргүзүү зарыл.

## Тема-28. «ОЛЖОБАЙ МЕНЕН КИШИМЖАН».

Эпостун негизги идеялык мазмунун аныктаган тема – бул сүйүү. Контролдук иште чыгарманын мына ушул өзгөчөлүгүнө айрыкча көңүл бурулушу керек. Ошондой эле образдар системасына тийиштүү анализ берилиши зарыл. Поэманын сюжеттик жана композициялык өзгөчөлүктөрүнө, көркөм сүрөттөөлөрүнө да байкоо жүргүзүү талап

кылынат. Уруулук, патриархалдык мамилелердин эпосто алган орду жөнүндө пикир айтылууга тийиш.

Тексттер. «Олжобай менен Кишимжан», Фрунзе, 1956.

## Тема-29. «АК МӨӨР».

«Ак Мөөр» поэмасы эл арасына кеңири таралган, көп варианттуу, оригиналдуу чыгарма. Чыгармада сүйүү темасы менен бирге элдин үрп-адаты, уруулук-патриархалдык мамилелери кеңири көркөм чагылган.

Студент-заочник контролдук ишти жазууда поэманын жогорку өзгөчөлүктөрүн конкреттүү ачып бериши керек. Ошону менен бирге чыгарманын негизги сюжеттик линиясын түзгөн теманы, образдар системасын, көркөм формасын да белгилүү анализден өткөрүүсү зарыл.

Тексттер. «Ак Мөөр», Фрунзе, «Илим», 1971.

### АДАБИЯТТАР.

1. С.Закиров. Баш сөз. «Ак Мөөр». Фрунзе, «Илим» басмасы, 1971, 5-11 беттер.
2. Кыргыз элинин *оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки.* Фрунзе, 1973.
3. Изилдениле элек эпикалык чыгармалар. 561-596 беттер.

## Тема-30. «КЕДЕЙКАН» - СОЦИАЛДЫК ТУРМУШТУК ЭПОС.

«Кедейкан» таптык жиктенүүлөр ачык болгон кыргыз элинин кийинки эле тарыхый турмушун көркөм сүрөттөгөн оригиналдуу чыгарма. Поэманын сюжети, идеялык мазмуну, көркөм формасы башка чыгармаларга салыштырганда бир катар мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Контролдук ишт мына ушул өзгөчөлүктөрдү конкреттүү мисалдар

менен кеңири ачып бериш керек. Бөтөнчө чыгарманын идеялык мазмунун аныктаган негизги теманы баса көрсөтүү зарыл.

Тексттер. «Кедейкан», «Эр Табылды», Фрунзе, 1970.

АДАБИЯТТАР.

1. Б.Кебекова. «Кедейкан» эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү. Фрунзе, 1964.

## Тема-31. «МЕНДИРМАН» ЭПОСУНУН СЮЖЕТТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

«Мендирман» эл арасына кеңири таралган, кыргыз элинин социалдык турмушун реалдуу көркөм чагылдырган оригиналдуу эпикалык чыгармалардын бири. Эпосто кыргыз элинин ички урууччулук кагылыштары да кеңири сүрөттөлөт. Контролдук иште чыгарманын негизги сюжеттик өзгөчөлүктөрүн конкреттүү мисалдар менен ачып берүү талап этилет.

Тексттер. «Мендирман», Фрунзе, 1957.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.
2. «Мендирман», 510-522 беттер.

## Тема-32. «КОЖОЖАШ» ЭПОСУНУН ИДЕЯЛЫК МАЗМУНУ.

«Кожожаш» кыргыз эпосторунун ичинен эң байыркы архаикалык белгилерди көбүрөөк камтыган оригиналдуу чыгарма. «Кожожаштын» негизинде кыргыздардын мифологиялык көз караштары жатат деген пикирлердин да негизи бар. Ырас, кийинки тарыхый доордо эпос көп

өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Контролдук иште эпостун негизги идеялык мазмунун кайсы тема аныктайт, чыгармада кандай мифтик белгилер бар, мына ошолорду аныкташ керек. Ошондой эле эпос боюнча айтылган айрым бири-бирине карама-каршы турган пикирлерге да көңүл буруу зарыл.

Тексттер. «Кожожаш» (айтуучу А.Үсөнбаев). Фрунзе, 1956.

АДАБИЯТТАР.

1. С.Закиров. «Кожожаш» эпосунун кээ бир маселелери. Фрунзе, 1960.
2. Ж.Суванбеков. Кыргыз элинин баатырдык эпостору. Фрунзе, 1970, «Кожожаш», 22-48 беттер.
3. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, «Кожожаш», 483-510 беттер.

## Тема-33. 1916-ЖЫЛКЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШ ЭЛДИК ПОЭЗИЯДА.

1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүш кыргыз элинин тарыхында өзүнчө маанилүү окуя болгон. Бул зор тарыхый окуя элдик оозеки поэзияда бир кыйла кеңири көркөм баяндалганын көрөбүз.

Контролдук иште кош эзуунун алдында калган кыргыз элинин оор турмушун реалдуу сүрөттөгөн чыгармаларда конкреттүү токтолуу керек. Бөтөнчө Кытайга качкан элдин трагедиясын кеңири баяндаган чыгармаларда контролдук иште белгилүү анализден өтүүгө тийиш.

АДАБИЯТТАР.

1. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш элдик поэзияда. Китепте: кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973, 596- 609 беттер.

## Тема-34. УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЭЛДИК ООЗЕКИ ПОЭЗИЯДА.

Улуу Ата мекендик согуш мезгилинде элдик поэзия *улуу күрөштүн зор симфониясы болду. Эл арасына кеңири таралган* лирикалык ырларда мурун болуп көрбөгөндөй жаңы мазмунга, көркөм формага ээ болду. Согуш мезгилинде пайда болгон ырлардын бүт мазмунун душманга каршы күрөш, чакырык мотиви аныктады. Контролдук иште мына ушул мүнөздүү өзгөчөлүктөр конкреттүү мисалдардын негизинде кеңири ачылышы керек. Ошондой эле ырлардын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү да студент-заочниктин көңүлүн бурууга тийиш.

Тексттер. Кыргыз элдик ырлары. Фрунзе, 1967.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.

## Тема-35. ФРОНТТУК КАТТАРДЫН МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛӨКТӨРҮ.

Улуу Ата мекендик согуш мезгилинде жаны поэтикалык формадагы ырлар пайда болот. Бул чыгармалар өзүнүн мазмуну жагынан мезгилдин духуна толук жооп берген, бөтөнчө актуалдуу ырлардан эле. Тылдан фронтко, фронттон тылга деген аттар менен совет адамдары душманга болгон жек көрүү сезимин бөтөнчө күчтүү динамизм менен көркөм сүрөттөп бере алышты.

Контролдук иште фронттук каттардын идеялык мазмунун аныктаган негизде теманы баса көрсөтүш керек. Ошондой эле мындай поэтикалык формадагы ырлардын чыгышынын тарыхый себептерин

түшүндүрүү зарыл. Фронттук ырларда жеке адамдардын сезимдери аркылуу жалпы элдик үмүттү, тилекти, күрөштү беришкен. Бул чыгармалардын поэтикалык көркөм каражаттары да өзүнчө оригиналдуу мүнөзгө ээ. Контролдук иште фронттук ырлардын көркөм өзгөчөлүктөрүн конкреттүү мисалдардын негизинде ачып берүү керек.

Тексттер. Кыргыз эл ырлары (түзүүчүлөр: А.Токомбаева, Б.Кебекова). «Илим» басмасы, Фрунзе, 1967, 447-568 беттер.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Фрунзе, 1973.

## Тема-36. СОВЕТТИК ДООРДОГУ ЭЛДИК СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Советтик доордо сүйүү ырларынын идеялык мазмуну, тематикасы кескин өзгөрүүлөргө дуушар болду. Контролдук иште советтик доордо пайда болгон сүйүү ырларынын идеялык-мазмунун аныктаган негизги теманыбаса көрсөтүү керек. Ошондой эле алардын эски элдик сүйүү ырларынан болгон мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн конкреттуу мисалдар менен далилдеп беруу зарыл. Советтик доордо пайда болгон сүйүү ырларынын поэтикалык көркөм сүрөттөөлөрү, алардын спецификалык бөтөнчөлүктөрү да белгилүү анализден өтүүгө тийиш. Советтик доордогу сүйүү ырларынын мүнөздүү бир өзгөчөлүгү – коомдук, мамлекеттик проблемалардын орун алышы. Демек, контролдук иште сүйүү ырларында орун алган социалдык, коомдук мазмун биринчи планда каралса максатка ылайыктуу болот.

Тексттер. Сүйүү ырлары. Китепте: Кыргыз эл ырлары (түзүүчүлөр: А.Токомбаева, Б.Кебекова). «Илим» басмасы, Фрунзе, 1967, 570-583 беттер.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. «Илим» басмасы, Фрунзе, 1973.

## Тема-37. СОВЕТТИК ДООРДОГУ САНАТ, НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Кыргыз фольклорунда санат, насыят ырлары өтө кеңири таралган, популярдуу ырлардын бири. Санат, насыят ырларынын мазмуну, идеялык багыты, тематикасы советтик доордо мүнөздүү өзгөчөлүктөргө дуушар болду. Контролдук иште советтик доордо пайда болгон санат, насыят ырларынын идеялык мазмунуна, тематикасына жана поэтикалык көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө кеңири мүнөздө анализ берүүгө тийиш. Бөтөнчө эски традициялык санат, насыят ырларынан болгон мүнөздүү бөтөнчөлүктөр конкреттүү мисалдар менен далилдениши керек.

Тексттер. Кыргыз эл ырлары (түзүүчүлөр: А.Токомбаев, Б.Кебекова). «Илим» басмасы, Фрунзе, 1967. Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары. Фрунзе, 1973.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. «Илим» басмасы, Фрунзе, 1973.

## Тема-38. СОВЕТТИК ДООРДОГУ ЭЛДИК КОШОКТОРДУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

Элдик кошоктор кыргыз фольклорундагы эң эски традициялык жанрлардын бири. Советтик доордо бул жанрдын тагдыры башкача болуп өнүгүп, жаңы идеялык жана көркөм эстетикалык табылгалар менен байыды. Контролдук иште советтик мезгилдеги элдик кошоктордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү конкреттүү мисалдар менен кеңири ачылышы керек. Айрыкча алардын идеялык мазмунуна, тематикасына баса көңүл бурулууга тийиш. Ошондой эле кошоктордун поэтикалык жаратылышына да белгилүү деңгээлде байкоо жүргүзүү зарыл. Элдик кошоктор бөтөнчө Улуу Ата мекендик согуштун мезгилинде жаңы сюжеттик мотивге, коомдук, жалпы элдик мааниге ээ болгондугу белгилүү. Демек, студент-заочник кошоктордун ушул өңдүү мүнөздүү, олуттуу белгилерин да анализден өткөрсө дурус болот.

Тексттер. Кыргыз эл ырлары (түзүүчүлөрү: А.Токомбаева, Б.Кебекова). «Илим» басмасы, Фрунзе, 1967, 619-637 беттер.

АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. «Илим» басмасы, Фрунзе, 1973.

## Тема-39. УЛУУ ЖЕҢИШ ЭЛДИК ПОЭЗИЯДА.

Совет элинин немецтик баскынчылардын үстүнөн болгон улуу жеңиш дүйнөлүк тарыхый мааниге ээ болгон зор окуя болгондугу *жалпыга белгилүү. Улуу жеңишке арналган ар түрдүү темадагы жана* мазмундагы көп сандаган ырлар бар. Контролдук иште жеңишке арналган ырлардын идеялык мазмунуна жана көркөм формасына кеңири анализ берүү керек. Ал ырларга мүнөздүү болгон бийик

оптимисттик мотив, Советтик Армиянын кайраткер образы, жалпы эле совет элдеринин кажыбас эрдиги бөтөнчө баса көрсөтүлүшү керек.

Жениш ырларынын поэтикалык көркөм сүрөттөөлөрү жалпы эле элдик поэзияга мүнөздүү традициялык касиетке ээ болгондугуна карабастан, аларда жаңы идеялык мазмун, жаңы эстетикалык көркөм касиет бар экендигин унутпоого тийишпиз. Демек, элдик поэзия жазма адабият менен бирге эле совет элинин улуу жеңиши үчүн зор кызмат өтөгөн. Элдик поэзиянын мына ушул зор ролу да контролдук иште орун алышы зарыл.

Тексттер. Жениш ырлары. Китепте: Кыргыз эл ырлары (түзүүчүлөр: А.Токомбаева, Б.Кебекова). «Илим» басмасы, Фрунзе, 1967, 544-663 беттер.

АДАБИЯТТАР.


1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. «Илим» басмасы, Фрунзе, 1973.


## Тема-40. СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТЕГИ ДАҢАЗАЛАГАН ЭЛДИК ЫРЛАР.

Октябрь революциясынын жеңишинен кийин гана эмгек жакшы жашоонун жаңа багыттын булагына айланды. Социалисттик эмгекти даңазалоо ар түрдүү темадагы көп сандаган ырлар пайда болду. Контролдук иште эркин эмгекке арналган элдик ырларга тийиштүү анализ жүргүзүү керек. Бөтөнчө жөнөкөй адамдардын бактылуу эмгегин даңазалаган элдик ырлар конкреттүү анализден өтүүгө тийиш.

Элдик ырларда колхозчу дыйкандардын, эркиндүү малчылардын көркөм образдарын түзүүдөгү поэтикалык ыкмалардын, сүрөттөөлөрдүн өзгөчөлүктөрү конкреттүү мисалдар менен ачылып берилиши талап кылынат.

Текстер. Эмгек ырлары. 365-381 беттер. Китепте: Кыргыз эл ырлары (түзүүчүлөр: А.Токомбаева, Б.Кебекова). «Илим» басмасы, Фрунзе, 1967.

## АДАБИЯТТАР.

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. «Илим» басмасы, Фрунзе, 1973.

Мазмуну

КИРИШҮҮ........................................................................2
КОНТРОЛДУК ИШТЕРДИ АТКАРУУ БОЮНЧА
КӨРСӨТМӨЛӨР.................................................................5
ТЕМАЛАРДЫ БЕКИТҮҮ......................................................5
ТЕКСТ БОЮНЧА ИШТӨӨ. ..................................................5
СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАРДЫ ҮЙРӨНҮ. ......................6
ИШТИН ПЛАНЫН ТҮЗҮҮ. ..................................................7
ИШТИ ЖАЗУУ. ....................................................................7
ИШТИН ОФОРМЛЕНИЕСИ. ..................................................8
КЫРҒЫЗ ФОЛЬКЛОРУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ АДАБИЯТТАР. ......9
КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ БОЮНЧА КОНТРОЛДУК ИШТИН
ТЕМАЛАРЫ. ........................................................................11

Отпечатано в типографии ОсОО «Лакпринт» г. Бишкек
Объем 2,5 печ. л. Тираж 100 экз.